DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



*Умарбекова А.А.*

# ИНКЛЮЗИВДИК БИЛИМ БЕРҮҮ: ПРОБЛЕМАЛАРЫ ЖАНА ЧЕЧҮҮ ЖОЛДОРУ

*Умарбекова А.А.*

# ИНКЛЮЗИВНОЕ ОБРАЗОВАНИЕ: ПРОБЛЕМЫ И ПУТИ РЕШЕНИЕ

*A. Umarbekova*

# INCLUSIVE EDUCATION: PROBLEMS AND WAYS SOLUTION

*УДК: 376*

*Кыргызстанда мамлекеттик билим берүүнүн саясаты катары инклюзивдик билим берүүгө өзгөчө маани берилип, эл аралык жана жергиликтүү өнөктөштөрдүн колдоосу менен ишке ашырылып келет. Бул процессте башка өлкөлөр сыяктуу мүмкүнчүлүгү чектелген балдарды окутуудагы жеткиликтүүлүк, атайын программалардын иштелип чыгышы, педагогикалык кадрлар менен камсыздоо, майып балдардын категорияларына жараша билим берүү маселелери актуалдуу. Атайын жүргүзүлгөн изилдөөлөрдө инклюзивдик билим берүүнүн проблемалары аныкталып, алардын ичинен билим берүү процессин кесипкөй даярдалган мугалимдер менен камсыз кылуу жана инклюзивдик ыкманы ишке ашырууга жөндөмдүү адистерди даярдоого көңүл бурулду. Болочок кесип ээлеринин мүмкүнчүлүгү чектелген балдар менен иш алып баруудагы универсалдуу, жалпы илимий, инструменталдык, жеке социалдык жана жалпы маданий, кесиптик компетенциялары жана кесиптик, уюштуруучулук, нравалык, атайын, социалдык-психологиялык сапаттары каралды.*

***Негизги сөздөр:*** *билим берүү, инклюзивдик билим берүү, ден-соолук, мүмкүнчүлүк, балдар, кесиптик компетенциялар, мугалим, уюштуруучулук, социалдык-психологиялык сапаттары.*

*Инклюзивному образованию как государственной образовательной политике в Кыргызстане уделяется особое внимание, и она осуществляется при поддержке международных и местных партнеров. В этом процессе, как и в других странах, актуальны вопросы доступа к образованию детей с ограниченными возможностями, разработки специальных программ, кадрового обеспечения, образования по категориям детей с ограниченными возможностями. В рамках специального исследования были выявлены проблемы инклюзивного образования, включая включение в образовательный процесс профессионально подготовленных учителей и подготовку специалистов, способных реализовывать инклюзивные подходы. Рассмотрены универсальные общенаучные, инструментальные, индивидуальные социально-общекультурные, профессиональные компетенции и профессиональные, организационные, моральные, особые, социально-психологические качества будущих специалистов по работе с детьми с ограниченными возможностями.*

***Ключевые слова:*** *образование, инклюзивное образование, здоровье, возможности, дети, профессиональные компетенции, педагогические, организационные, социально-психологические качества.*

*Special attention is paid to inclusive education as a state educational policy in Kyrgyzstan, and it is carried out with the support of international and local partners. In this process, as in other countries, the issues of access to education for children with disabilities, the development of special programs, staffing, education for the categories of children with disabilities are relevant. Within the framework of a special study, the problems of inclusive education were identified, including the inclusion of professionally trained teachers in the educational process and the training of specialists capable of implementing inclusive approaches. The universal general scientific, instrumental, individual socio-general cultural, professional competences and professional, organizational, moral, special, socio-psychological qualities of future specialists in working with children with disabilities are considered.*

***Key words:*** *education, inclusive education, health, opportunities, children, professional competencies, pedagogical, organizational, socio-psychological qualities.*

Инклюзивдик билим берүү бүгүнкү күндө дүйнөнүн көпчүлүк өлкөлөрүндө мамлекеттик билим берүү саясатынын ажырагыс бөлүгү болуп калды. 1987-жылдан бери Европа коомчулугунун өлкөлөрүнүн расмий билим берүү саясатында мүмкүнчүлүгү чектелген балдарды интеграциялоо маселесине олуттуу көңүл бурула баштаган. Ал эми Кыргызстанда инклюзивдик билим берүү эл аралык жана жергиликтүү өнөктөштөрдүн колдоосу менен 1996-жылы башталган. Атап өтсөк: Кыргызстан-Сорос фонду, Бириккен улуттар уюмунун балдар фонду (ЮНИСЕФ), Бириккен Улуттар Уюмунун билим берүү, илим жана маданият маселелери боюнча адистештирилген мекемеси (ЮНЕСКО), Азия өнүктүрүү банкы ж.б. эл аралык уюмдар. Албетте, ар бир өлкө бул процесстин ар кандай баскычтарында турат, алар билим берүүчү уюмдарда ден-соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелген балдарга билим берүүнүн жеткиликтүүлүгү, атайын программалардын иштелип чыккандыгы, квалификациялуу кадрлар менен камсыз болгондугу менен гана айырмаланбастан, майып балдардын категорияларына жараша билим берүү менен да айрымаланат.

Инклюзивдик билим берүү – балдардын аяр категориясы, ошондой эле мүмкүнчүлүктөрү чектелген балдар үчүн дагы билим берүүнүн жеткиликтүүлүгүн, алардын окуусу үчүн шарттарды түзүүнү эске алуу менен камсыз кылынган билим берүү.

Балдардын укуктары жөнүндөгү Конвенциянын 23-беренесинде майып бала өзгөчө кароого, билим алууга, социалдык интеграцияны камсыз кылган

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



шарттарда дени сак балдар сыяктуу татыктуу жашоого укуктуулугу каралган.

Кыргызстанда акыркы он жылдын ичинде инклюзивдик билим берүүгө өзгөчө көңүл бурулуп жаткандыгына карабастан, мектепте ден-соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелген балдарды окутуу жана аларды өнүктүрүү процессин уюштурууга байланышкан бир катар суроолор жана проблемалар жаралып келет.

Атайын уюштурулган «2019-2020-окуу жылындагы жалпы билим берүүчү мектептердеги инклюзивдик билим берүүнүн деңгээлин изилдөө”деп аталган Борбордук Азиядагы Евразия фондунун алкагындагы изилдөө ишине башталгыч билим берүү адистигинин студенттери менен чогуу изилдөөлөр жүргүзүлүп, анын жыйынтыктарында ДСМЧ балдарды окутуу тажрыйбасында мектеп мугалимдери бир катар кыйынчылыктарга дуушар болуп жаткандыгы белгилүү болуп, төмөндөгү проблемалардын бар экендиги аныкталган. Алар:

- жалпы билим берүү тутумунда ден-соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелген балдарды окутуу практикасында мыйзам чыгаруучу документтердин иштелип чыкпагандыгы;
- жарандык коомдун арасында кеңири маалыматтык өнөктүктүн жетишсиздиги:
- кадимки билим берүү мекемелеринде майып балдардын интеграциясы жана инклюзивдүү чеңеминин пландаштырылган мүнөзгө ээ эместиги;
- көптөгөн билим берүү мекемелеринде майып балдардын билим берүү-тарбиялоо процессине тоскоолдуксуз катышуусуна шарттар толугу менен түзүлбөгөндүгү;
- инклюзивдик билим берүү үчүн илимий, программалык жана методикалык камсыздоонун иштелип чыкпагандыгы (окуу пландары, (алардын варианттары), зарылчылык болсо – окуучунун өзү үчүн атайын окуу китептери жана жумушчу китептер, окуу куралдары);
- билим берүү процессин кесипкөй даярдалган мугалимдер менен камсыз кылуу жана инклюзивдик ыкманы ишке ашырууга жөндөмдүү адистерди даярдоонун зарылдыгы;
- мугалимдердин билимин жогорулатуу курстарында инклюзивдик билим берүүгө багытталган программалардын ишке ашпай жатышы ж.б. проблемалар.

Инклюзивдик билим берүүнүн эффективдүүлүгүн жогорулатууда аталган проблемаларды чечүү жолдору терең изилдөнү талап кылат.

Алардын ичинен, билим берүү процессин кесипкөй даярдалган мугалимдер менен камсыз кылуу жана инклюзивдик ыкманы ишке ашырууга жөндөмдүү адистерди даярдоонун проблемасы актуалдуу.

2019-2023-жылдар аралыгындагы Кыргыз Республикасында инклюзивдик билим берүүнү өнүктүрүүнүн Концепциясында жана Программасында жалпы билим берүүчү уюмдарда инклюзивдик билим берүүнү киргизүү милдеттери аныкталып, аны ишке ашырууда компеттенттүү адистерди даярдоого болгон талап күчөдү. Ушул тартипте кесипкөй адистерди даярдоо талабы жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик стандартында да каралып, негизги билим берүү программаларында ишке ашырылып келет. Мына ушул жерден болочок башталгыч класстын мугалимин инклюзивдик билим берүүгө даярдоого кандай көнүл бурулуп жатат? деген суроо туулат. Баарынан мурда инклюзивдик билим берүүнү уюштуруунун баардык проблемаларына дуушар болгон башталгыч класстын мугалиминин компеттенттүлүгү жөнүндө ойлонууга туура келди.

Азыркы учурдагы жогорку билим берүүнүн нормативдик-укуктук документтеринде бүтүрүүчү студенттер универсалдуу, жалпы илимий, инструменталдык, жеке социалдык жана жалпы маданий, кесиптик компетенцияларга ээ болуулары зарыл. Анда студент курчап турган дүйнө боюнча илимий билимдердин системасына ээ болуу менен билим берүү процессин коомдук керектөөлөргө ылайык пландап, ишке ашыруу, анын жыйынтыктарын баалоо менен мониторинг жүргүзүү, окуу процессинде окуучулардын ден соолугуна кам көрүү боюнча шарттарды түзүү, жаңы кырдаалдарды баалап, ага көнүү, мектеп коомчулугунда кесиптик жана жеке мамиледе толеранттуу болуу компеттенттүүлүктөрүнө ээ болот. Ал эми инклюзивдик билим берүү процессинин эффективдүүлүгүн камсыз кылуучу кесиптик компетенттүүлүк бүтүрүүчү студенттин:

- инклюзивдик билим берүүдө алдыда коюлган милдеттерди чечүү үчүн психология-педагогикалык билимдерге ээ болуусу жана өзүнүн кесиптик иш аракетинде педагогикалык изилдөөлөрдүн жыйынтыктарын колдоно билүүсү(ПК-1);

- окуу процессин уюштурууда окутуунун моделин, методдорун, технологиялары менен ыкмаларын жана билимдин сапатын баалоонун технологиясын колдонуу ыкмаларына ээ болуусу (ПК-2);

- инсанга багыттап окутуу принцибине ылайык билим берүү процесси үчүн оптималдуу шарттарды калыптандырууга жөндөмдүүлүгү (ПК-3);

- ден-соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелген балдар үчүн окуу чөйрөсүн түзүү жөндөмдүүлүгү жана окуучуларды социалдаштыруунун ыкмаларына,

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



методикасына жана техникаларына ээ болуусу(ПК-4);

- окуу процессинде өз алдынча билим берүү программаларын тандоо менен дидактикалык материалдарды колдонуусу (ПК-5);

- окуучулардын өнүгүү деңгээлин диагноздой алуусу (ПК-5);

- майып балдардын ата-энелери, социалдык партнерлор менен бирдиктүү иш жүргүзө алуусу (ПК-11);

- өзгөчө билим берүү муктаждыгы бар балдардын окуудагы кыйынчылыктарын интеграциялоо жөндөмдүүлүктөрүнө ээ болуусу (ПК-18);

− ар бир окуучунун керектөөлөрүн эске алып, анын күчтүү жана алсыз жактарына таянып, жекече иш алып барууга жөндөмдүүлүгү (ПК-25);

- угуусу, көрүүсү, кеби, таяныч кыймыл аппараты, интеллектиси бузулган, психикалык өнүгүүсү артта калган балдарды окутуунун теориясын, атайын методдорду жана ыкмаларды билүүсү (ПК-28,29,37, 38) менен шартталат.

Бул максатта студенттерге «Инклюзивдик билим берүү» дисциплинасынын мазмунунда ден-соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелген балдардын өзгөчөлүктөрү жана алар менен иштөө өзгөчөлүгүнө, инклюзивдик билим берүүнүн милдеттерин өз алдынча чечүүнү камсыз кылган кесиптик сапаттарды калыптандырууга көңүл бурулуп келет.

Инклюзивдик билим берүүдө башталгыч класстын мугалимдеринин кесиптик, уюштуруучулук, нравалык, атайын, социалдык-психологиялык сапаттарына токтолуп өтөлү:

- кесиптик сапаттарга: аяр категориядагы балдарды сүйө билүү, ар бир балага жекече мамиле кылуу, алардын кызыгууларын аныктай билүү, балага байкоо жүргүзүү, баланы көңүл коюп уга билүү, жардам көрсөтүү, өз жүрүм-турумунун ченемдерин билүү, ата-энелердин ишенимине кирүү;

- уюштуруучулук сапаттарга: чыгармачылык менен иштей билүү, ар түрдүү категориядагы балдардын бирдиктүү иш аракеттерин уюштуруу жөндөмдүүлүгү, балдардын мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу менен туура баалай билүү, биргеликте чогуу иштөөнү камсыз кылуу, балдар менен болгон педагогикалык кырдаалдарды жөнгө салып туруу, убакытты туура пайдаланууда чечимдерди чыгаруу, социалдык көндүмдөрдүн өнүгүүсүн демилгелөө;

- нравалык сапаттарга: бооркерлик, сылыктык, адилеттүүлүк, кайрымдуулук, чыдамкайлуулук, баланын оң сапаттарын байкай билүү ;

- атайын сапаттарга: коммуникативдүүлүк, эмпатия (бул баланын эмоционалдык абалына карата аңсезимдүү боор ооруу, алардын кандай сезимде экендигин билүү жана боорукердикти билдирүү), рефлексия, дипломатиялуулук;

- социалдык психологиялык сапаттарга: балдардын психологиялык өзгөчөлүктөрүн туура аныктоо, балдардын сезимдерин жана маанайларын байкоо, эмоционалдык жактан туруктуулук. Мүмкүнчүлүгү чектелген балдар үчүн түзүлгөн борборлордун иштери менен таанышуу.

Жыйынтыктап айтканда, билим берүү процессин кесипкөй даярдалган мугалимдер менен камсыз кылуу жана инклюзивдик ыкманы ишке ашырууга жөндөмдүү адистерди даярдоодо башталгыч класстын мугалимдерин даярдоодо негизги билим берүү программаларынын талаптарында белгиленген компетентүүлүктөргө жана кесиптик сапаттарына ээ кылуу учурдун талабы.

**Адабияттар:**

1. Орусбаева Т.А., Дунганова Т.Э., Сакимбаева Э.Р., Кононенко З.В. Инклюзивдик билим берүү. - Б., 2015.
2. 2019-2023-жылдарга Кыргыз Республикасынын инклюзивдик билим берүүнү өнүктүрүү Концепциясы. - Б., 2019.
3. 2019-2023-жылдарга Кыргыз Республикасынын инклюзивдик билим берүүнү өнүктүрүү Программасы. – Б., 2019.
4. Абакирова А.Р. Утурлоочу кадам ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелген балдар менен иштөөдө жалпы билим берүү уюмунун педагогуна жардам.Усулдук окуу куралы. - Б., 2018
5. «Педагогикалык билим берүү» багытындагы Жогорку билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарты. - Б., 2015.
6. Умарбекова А.А., Жайылган кызы М. Совместная работа учителей начальной школы и родителей в инклюзивном образовании. / Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. - 2020. №. 6. - С. 81-84.
7. Умарбекова А.А., Бабаназарова С.Ж. Исследование в педагогической науке совместной в педагогической науке совместной деятельности начальной школы и семьи. / Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2018. №. 4. С. 142-144.